КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ТОҢ РАЙОНУ
ТОҢ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ТОНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Тоң айылдык Кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз сессиясы

# ТОКТОМ №76

**«15»декабрь, 2023-жыл** **Тоң айылы**

## Бодо малдарды камоо үчүн камак уюштуруу жөнүндө

Тоң айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жер адиси С. Кабылжановдун айдап себүү, күзгү оруп жыйуу мезгилинде эгин талааларына кароосуз кирип кеткен малдардын ээсин аныктоо боюнча жарандардын кайрылууларынын, жол коопсуздугун алдын алуу боюнча Ысык-Көл облустук ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн 13.11.2023-ж № Пр-1/110 “Ысык-Көл облусунун аймагында жол кырсыктарын алдын алуу багытында иш аракеттерди жүргүзүү тууралуу” протоколунун аткаруу максатында кечкисин рейд жүргүзүп камактарды уюштуруу, жылкыларга лента байлоо иш чарасын жүргүзүүдө Тоң айылынын батыш тарабы айылдын четине мал кармоочу жай камак уюштуруу боюнча билдирүүсүн угуп, талкуулап Тоң айылдык кеңеши **токтом кылат**:

1. Тоң айыл аймагынын Тоң айылынын батыш тарабы, айылдын чети болгон М. Аламанов көчөнүн аягына айдап себүү, оруп жыйуу мезгилинде жана күзгү убакытта жол коопсуздугун алдын алуу максатында атайын мал кармоочу жай камак жасоо үчүн уруксаат берилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыздоо менен жер тилкесин бөлүп берүү жагы Тоң айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Э. Байзаковго милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Тоң айылдык кеңешинин жер, турак жай жана айыл чарба боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ж.Турдуев**

**Жооптуу катчы** **А. Жумашев**